**ОшМУнун табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин №1 Окумуштуулар кеңешинин протоколу**

05.09.2022

Ош шаары, ,
ТТАТФ нин окуу залы, 208-аудитория

**Катышты:**

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү - 25
Катышканы –21
Себептүү катышпаганы – 4
Себепсиз катышпаганы – жок

**Күн тартибинде:**

1.Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин окумуштуулар кеңешинин, структуралардын иш пландарын жана окуу – методикалык комплекстерди бекитүү жөнүндө (декандын орун басарлары (Сапаров К.К., Султанов Ж., Юлдашева О., Исраилова Г., кафедра башчылары, Зулушева А.,Маматкулов О.И., С.З.Тургунбаев).

2. 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө(программа жетекчилери).

3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

**1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин деканы, профессор Низамиев А.Г.:** Окумуштуулар кеңешинин 25 курамынын ичинен 21 мүчө катышып жатат. Демек, кворум бар. Окумуштуулар кеңешин баштоого добуш бериңиздер.
Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

Макул – 21;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Рахмат! Урматтуу коллегалар, сиздерге табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамы менен тааныштырууга уруксат бериңиздер. Курамга илимдин докторлору, кафедра башчылар жана деканаттын курамы киргизилди *(тизме тиркелет)*. Окумуштуулар кеңешинин курамы 2022-2023-окуу жылында эки жылдык мөөнөткө бекитилген. Ошондуктан курамда бир аз өзгөртүүлөр болду. **Төрага:** 1-маселе боюнча табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кеңешмелеринин планы менен мен тааныштырайын *(кеңешменин планы тиркелет)*.

Кафедра башчылар кафедранын кеңешмелеринин планы жана иш пландар менен тааныштырышты *(кафедралардын кеңешмелеринин пландары жана иш пландары тиркелет)*.

Илимий иштер боюнча декандын орун басары Юлдашева О.М., магистратура бөлүмүнүн башчысы Исраилова Г.С., методикалык кеңештин төрайымы Зулушева А.Т.,

тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары Султанов Ж.М., кесиптик кошундун төрагасы Маматкулов О.И., жаштар кеңешинин төрагасы С.З.Тургунбаев иш пландары менен тааныштырышты *(деканаттын иш пландары тиркелет).*

**Талкуу:** Пландар боюнча а.ч.и.д., профессор А.Х.Абдурасулов, б.и.к., доцент Абдыкаaров А.М., г.и.к., доцент Самиев К.Т., г.и.к., доцент Шербаева З.Э., т.и.к., доцент Полотов И.Ж., п.и.к., доцент Эмилбекова Д.А., б.и.к., доцент Муратова Р.Т. өз пикирлерин жана сунуштарын билдиришти.

**Г.и.к., доцент Шербаева З.Э.:** Урматтуу кесиптештер, баарыңыздарды жаңы окуу жылы менен куттуктайм, чыгармачылык ийгиликтерди каалайм.

**Төрага:** Чыгып сүйлөгөндөрдөн толуктоолорду киргизүү менен негизинен иш пландарды бекитүү жөнүндө сунуш түштү. Анда эмесе түшкөн сунуштардын негизинде иш пландарды бекитүүбүз керек. Ар бир пландын жалгыздан бекитебизби? же чогуу бир бекителиби? Анда эмесе сунуштардын негизинде жалпы бекитебиз. Окумуштуулар кеңешинин кеңешмелеринин, деканаттын жана кафедралардын иш пландары, окуу-методикалык комплекстер бекитилсин деген мүчөлөр добуш берүүңүздөрдү суранам. Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

«Макул» – 21;

«Каршы» – жок;

«Калыс» – жок.

Рахмат. Иш пландар бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Рахмат, 1чи маселе боюнча сөз жок болсо, анда эмесе экинчи маселе боюнча сөз кезегин программа жетекчилерине берели, 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө баяндама беришсин.

**Талкуу:** 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө б.и.к., доцент А.М.Абдыкаaров, п.и.к., доцент Д.А.Эмилбекова, г.и.к., доцент К.Т.Самиев, т.и.к., доцент И.Ж.Полотов, г.и.к., доцент З.Э.Шербаева, б.и.к., доцент Р.Т.Муратовалар билдирүү жасашты. Окуу пландарында кетирилген кемчилдиктер жана толуктоолор боюнча иш учурунда чечүү маселеси каралды.

**3.Ар түрдүү маселелер**

3.1. Магистратура бөлүмүндө магистрлердин сабакка катышуусун талкуулоо жөнүндө

**Угулду:**

**Төрага:** Урматтуу, кесиптештер магистратура бөлүмүндө окуп жаткан магистрлердин көпчүлүгү иштегендиктерине байланыштуу, окуу пландын негизинде жекече окууга уруксат берүү боюнча сунуш түштү(магистрлердин арыздары тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Б.и.к., доцент А.М.Абдыкаaров, б.и.к., доцент Р.Т.Муратова, г.и.к., доцент К.Т.Самиев, т.и.к., доцент И.Ж.Полотов, б.и.к., улук окутуучу Г.С.Исраилова сөзгө чыгышып, магистратура бөлүмүндө окуп жаткан магистрлердин көпчүлүгү иштегендигине байланыштуу, окуу пландын негизинде жекече окууга уруксат берүүнү сунуштоо зарыл

экендигин баса белгилеп өтүштү.

**Төрага:** магистратура бөлүмүндө окуп жаткан магистрлердин көпчүлүгү иштегендиктерине байланыштуу, окуу пландын негизинде жекече окууга уруксат берүүгө макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 21;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

3.2. 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө(программа жетекчилери).

**Угулду:**

**Төрага:** 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө билдирүү менен тааныштырды(окуу пландары тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Б.и.к., доцент А.М.Абдыкааров, б.и.к., доцент Р.Т.Муратова, г.и.к., доцент К.Т.Самиев, г.и.к., доцент З.Э.Шербаева, т.и.к., доцент И.Ж.Полотов, п.и.к., доцент Д.А.Эмилбекова сөзгө чыгышып, окуу планын оңдоо зарыл экендигин баса белгилешти. Анткени, 1-курста бир жылдык кредиттер дал келбей жатат. Окуу планындагы ГСЭ бөлүмүндөгү ЖОЖ компонент семестрге туура келбей калыптыр, ошондуктан оңдоо зарыл. Башкача айтканда пландагы ГСЭнин талабына жооп бербейт, алмаштыруу керек. Окуу планында көрсөтүлгөн История энергопотребления и ее влияние на окружающую среду деген предмет ГСЭге туура келбейт, ал ЖОЖ компонент болуп саналат. Анын ордуна История естественно-научного образования деген предметти киргизүү керек. Ошону менен бирге семестровка, расписаниелер көзөмөлгө алынсын. 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө программа жетекчилери өз ойлорун айтышып, кемчилдиктерди толуктоо менен кабыл алынсын деп бекитүүгө сунуш кылышты.

**Төрага:** 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгууга жана бекитүүгө макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 21;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

3.3. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин агрономия жана колдонмо геодезия кафедрасындагы 620001 “Колдонмо геодезия”(специалитет) кесибине курулуш жана тоо-кен иштетүү багытындагы кесиптердин бүтүрүүчүлөрүн колледждин диплому менен тапшырууну талкуулоо жөнүндө

**Угулду:**

**Төрага:** Урматтуу, кесиптештер табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин агрономия жана колдонмо геодезия кафедрасындагы 620001 “Колдонмо геодезия”(специалитет) кесибине курулуш жана тоо-кен иштетүү багытындагы кесиптердин бүтүрүүчүлөрүн колледждин диплому менен тапшырууга уруксат берүү боюнча билдирүү түштү(программа жетекчинин билдирүүсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Т.и.к., доцент И.Ж.Полотов, б.и.к., доцент Р.Т.Муратова, г.и.к., доцент К.Т.Самиев, х.и.к., доцент К.Сапаров, г.и.к., доцент З.Э.Шербаевалар сөзгө чыгышып, өз ойлорун айтышты.

**Т.и.к., доцент Д.А.Абжапарова:** табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин агрономия жана колдонмо геодезия кафедрасындагы 620001 “Колдонмо геодезия” (специалитет) кесибине курулуш жана тоо-кен иштетүү багытындагы төмөндөгү кесиптердеги: 130403 Ачык тоо иштери (Открытые горные работы, квалификациясы- тоо техник-технолог); 270208 Инженердик курулмалардын курулушу жана эксплуатациясы(Строительство и эксплуатация инженерных сооружений, квалификациясы - техник); 270206 Авто унаа жолдор жана аэродромдордун курулушу жана эксплуатациясы (Строительство и эксплуатация автомобильных дорог и аэродромов, квалификациясы-техник); 270301 Архитектура (квалификациясы - техник) жана гидротехникалык курулуш (квалификациясы-техник) окуу программалары айкалышат. Ошондуктан кеңешменин мүчөлөрү баары бир добуштан жогорудагы аталган адистиктин бүтүрүүчүлөрүн 620001 “Колдонмо геодезия” (специалитетке) кесибине колледждин диплому менен тапшырууга уруксат берүүнү сунуш кылышты.

**Төрага:** табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин агрономия жана колдонмо геодезия кафедрасындагы 620001 “Колдонмо геодезия”(специалитет) кесибине курулуш жана тоо-кен иштетүү багытындагы кесиптердин бүтүрүүчүлөрүн колледждин диплому менен тапшырууга уруксат берүүгө макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 21;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

Анда эмесе токтом менен тааныштырууга уруксат берүүңүздөрдү суранам.

ТОКТОМ:

1. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планы, окуу-методикалык комплекстер жана кафедралардын кеңешмелеринин пландары, деканаттын жана кафедралардын иш пландарын тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен негизинен бекитилсин.
2. Магистратура бөлүмүндө окуп жаткан магистрлердин көпчүлүгү иштегендиктерине байланыштуу, окуу пландын негизинде жекече окууга уруксат берилсин.
3. . 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө программа жетекчилеринин билдирүүсү канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

4. 520100 Химия, 520200 Биология, Агрономия, 610001 Ветеринария, 620001 Колдонмо геодезия, 550100 ТИББ программаларынын стандарты талкууланып, окуу пландары иштелип чыгып, кемчилдиктерди толуктоо менен кабыл алынып бекитилсин.
5. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин агрономия жана колдонмо геодезия кафедрасындагы 620001 “Колдонмо геодезия”(специалитет) кесибине курулуш жана тоо-кен иштетүү багытындагы кесиптердин бүтүрүүчүлөрүн колледждин дипломy менен тапшырууга уруксат берилсин.
6. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин токтомун бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, г.и.д., профессор: Низамиев А. Г.

Окумуштуу катчы, улук окутуучу: Шерматова Ж. Т.